**Бийгелдиева Нуржан Абдыгуловнанын "Көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясы" деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**

## КЕҢЕШЧИЛИК ПИКИР

Текстти изилдөө – татаал маселе. Бүгүнкү күндө текст кептик бирдик катары лингвистикалык изилдөөнүн конкреттүү предметине айлануу менен, аны лингвистикалык аспектиде анализге алуу практикалана баштады. Буга башка изилдөөлөр менен эле катар изденүүчү Бийгелдиева Нуржан Абдыгуловнанын "Көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясы" деген аталыштагы диссертациялык иши далил боло алат. Бул диссертациялык эмгек – кыргыз тилинин материалынын негизинде көркөм тексттеги ретроспекия жана проспекция категориясын изилдөөгө алган алгачкы илимий эмгек. Проблема өтө актуалдуу. Кыргыз тил илиминде чулу текстти лингвистик жактан талдоого алуу баардык эле изденүүчүнүн колунан келе берүүчү иш эмес.

Көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясын изилдөө жалпы теориялык тил илиминин коммуникативдик функционалдык багыттагы структура-семантикалык принцибинде ишке ашкан жана чектеш илимдердин маалыматтарындагы жетишкендиктерге таянылган. Кыргыз тилиндеги көркөм чыгарманын материалында ретроспекция жана проспекция коммуникативдик-функционалдык, семантикалык-стилистикалык категория катары илимий-теориялык негизде аныкталган. Бул диссертациялык теманын жана иштин аткарылышынын актуалдуулугун көрсөтөт.

Тексттик категория жөнүндөгү илимий-теориялык маселелер иштин максатына жараша изилденген. Көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясына жүргүзүлгөн лингвистикалык анализ аркылуу көркөм мейкиндик, көркөм убакыт, учурдагы кеп, убакыттык-корүнүштүк

форма жөнүндөгү проблемалуу түшүнүктөр фактылык материалдын негизинде терең жана кеңири аспектиде талдоого алынган. Алардын структуралык деңгээлдери, мейкиндик түзүлүшү, тилдик каражат-бирдик аркылуу берилиши, ал категориялардын аткаруу функциялары, өз ара карым-катышы, туюнтулуу өзгөчөлүктөрү кыргыз тилиндеги көркөм тексттин мисалында лингвистикалык негизде талдоого алынган. Булар диссертациянын негизги натыйжаларынын жаңылыгы болуп саналат.

Диссертациялык эмгекте көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясы Ч.Айтматовдун “Кылым карытаар бир күн” жана К.Жусубалиевдин “Муздак дубалдар” романдарынын материалында экстралингвистикалык факторлорго таянуу менен лингвистикалык жактан талдалган. Ретроспекция жана проспекция категориясынын коммуникативдик-функционалдык жана семантика-стилистикалык категория катары талдоодон чыгарылган жалпылоолорду жана илимий корутунду-тыянактарды изденүүчү тарабынан жеке алынган табылгалар катары баалоого болот.

Диссертациянын негизги мазмуну жана натыйжалары жалпысынан 20 илимий макалада чагылдырылган: анын ичинен чет элдик басмада – РИНЦ системасындагы журналда – 10 макала, КРдин РИНЦ индекстелген жана УАК тарабынан сунушталган мезгилдүү илимий басылмаларда – 10 макала жарык көргөн.

Жыйынтыктап айтканда, Н.А.Бийгелдиеванын “Көркөм тексттеги ретроспекция жана проспекция категориясы” деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын толук аткарылып бүткөн иш катары коргоого сунуштайм.

**Илимий кеңешчи**
**филология илимдеринин доктору,**
**КР УИАнын академиги** **С.Ж.Мусаев**

05.09.24